**Амираева Лайликан Авазовнанын “Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнө илимий жетекчинин**

# ПИКИРИ

Бул диссертациялык иштин актуалдуулугу көркөм билим берүү багытындагы факультеттер үчүн жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн мазмуну окуу программаларда максаттары жана милдеттери жетиштүү түрдө негизделген эместиги, окуу программаларынын мазмуну жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн айрым гана түрүнө багытталбагандыгы, студенттердин көркөм чеберчилигин максаттуу калыптандырууга мүмкүн эмес, демек, көркөм өнөрдүн өнүгүү тарыхын жана көркөм чыгармачылык жаатындагы билим берүүдө жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүктүн ар бир түрүнө басым жасалышы керектиги менен түшүндүрүлөт.

Көркөм өнөр адистерин даярдоодо кесиптик компетенцияларын толук өнүктүрүү үчүн алардын жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк боюнча теориялык жана практикалык билим-билгичтиктерин өнүктүрүү зарыл. Мына ушул процессте алардын билим жана тарбия берүү маселелерин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу ишке ашыруу даярдыгы жетишсиз. Студенттерди көркөм өнөр боюнча кесипке даярдап, кесиптик компетенцияларын өнүктүрүүдө жасалга-колдонмо искусство предметтери сабагынын мүмкүнчүлүктөрүнүн эске алынбагандыгы, көркөм өнөр адистигинде билим алган студентердин орто мектепте жасалга-колдонмо искусствосунун үлгүлөрүн колдонуп, иш алып барууга даярдыгынын жетишсиздигинен улам окуучулардын эстетикалык табитин өнүктүрүп, кыргыз элинин жасалга-колдонмо көркөм маданияты, баалуулуктары менен тааныштыруу талаптарынын ишке ашырылбагандыгы; студенттерди көркэм өнөр боюнча кесипке даярдоодо, орто мектепте окуучулардын жасалга-

колдонмо искусствосунун үлгүлөрүн колдонуп, сабак өтүүгө шарттын түзүлбөгөндүгү менен далилденет.

Диссертацияда жасалга-колдонмо искусствосунун тарыхый өнүгүшү илимий-теориялык, практикалык жактан талданып, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмуну, педагогикалык шарттары аныкталды. Аныкталган шарттардын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, практикалык сунуштар иштелип чыкты. Студенттерге билим берүүдө жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу алардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн компоненттери педагогикалык багытта ачылып, элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бардык түрлөрү боюнча кеңири мисалдардын негизинде билим берүү процессинде чыгармачылык активдүлүктөрү калыптанды.

Илимий изилдөөдө жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун компоненттери бул адистикте иштеген педагогдордун кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструментарий катары белгиленди. Бул багытта компетенциялары калыптанган студенттер жалпы билим берүүчү мектептерде, билим берүү борборлорунда, орто жана жогорку окуу жайларында көркөм-эстетикалык билим жана тарбия берүүгө даяр адистерди даярдоого өбөлгө түзөт.

Изилдөөчү изилдеген маселе кеңири изилдөөнү талап кылган маанилүү багыттардын бири. Илимий жетекчи катары, бул тема боюнча талыкпаган эмгек жана туура изилдөө иштери келечекте мектеп окуучуларына патриоттук тарбия берүүнүн жаңы ыкмаларын иштеп чыгууга чоң өбөлгө түзөт. Диссертант практик окутуучу катары болочок адистерди даярдоодо чоң эмгек жасап, баалуу натыйжаларды алган. Жогоруда айтылган баалуу неселерди эске алып диссертацияны ачык жактоого сунуштаса болот.

**Илимий жетекчи:**

**педагогика илимдеринин доктору, профессор Калдыбаева А.Т.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ 09. 12. 2024 г.